**Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту**

**Верховный Суд Кыргызской Республики**

Верховный суд Кыргызской Республики

**Иштин маалыматтары**

| | |
|---|---|
| Иштин номери | УД-1233/25-Б3 (Биринчи инстанция) - Кароодо |
| Иштин түрү | жазык иши |
| Өндүрүшкө кабыл алынган мезгил | 30.12.2025 |
| Өндүрүштүн жабылуу датасы | 22.01.2026 |
| Өндүрүш түрү | |
| Макалалар | Ст. 330 ч. 1, Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутуу. (Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же кемчиликтерин пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармактарынын жардамы менен жасалса, – 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.) |
| Иштин тили | Кыргызча |
| Айыптоо тартиби | жекече-жалпы |
| Судья | Жумадылов Сыргак Каныбекович |
| Прокуратура | Прокуратура г. Бишкек |
| Сот | Первомайский районный суд |
| Дарек | |
| Байланыштар | |

**Иштин тараптары**

| | |
|---|---|
| Жабырлануучу / Мамлекеттик айыптоочу / Жарандык доогер / Тергөөчү / Жогору турган прокурор / Жабырлануучунун өкүлү (Деперсонализацияланган) | |
| Айыпталуучу (Деперсонализацияланган) | Б.М.М |

**Кароонун натыйжасы жана сот актысы**

| | |
|---|---|
| Кароонун натыйжасы | Айыптоо өкүмү |
| Кароонун жыйынтыгынын маңызы | 348.2.1 Айыптоо өкүмү төмөнкүдөй чыгарышы мүмкүн:соттолгон адам өтөөгө тийиш жазаны дайындоо менен; |

| | |
|---|---|
| Жарыяланган датасы | 11.02.2026 |
| Акт түрү | Өкүм |
| Актынын кабыл алынган күнү | 22.01.2026 |

Верховный суд Кыргызской Республики
Верховный суд Кыргызской Республики
Верховный суд Кыргызской Республики

**Соттук угуулар**

| Иштин номери | Отурумдун датасы | Инстанция |
|---|---|---|
| УД-1233/25-Б3 | 22.01.2026 15:00 | Биринчи инстанция |

Верховный суд Кыргызской Республики
Верховный суд Кыргызской Республики
...спублики

**УД №-1233/25-Б3 түп нуска**

КБР №03-820-2025-000230

**ӨКҮМ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**

**22-январь 2026-жыл Бишкек шаары**

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту курамында: төрагалык кылуучу судья Жумадылов С.К., сот отурумунун катчысы Халилов Э.Ж., мамлекеттик айыптоочу – Бишкек шаарынын Биринчи май районунун прокурорунун улук жардамчысы Н.С.Байгазинованын, айыпталуучунун жактоочусу Н.А.Абдымуминованын катышуулары менен, ачык соттук отурумда кылмыш иш каралды. Ал иш боюнча:

**М. Б. М.**, ***** күнү, Талас облусунун Талас районуна караштуу ***** айылында туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны, үй-бүлөлүү, орто билимдүү, эч жерде иштебеген, мурда соттолбогон, Бишкек шаарынын Ак-Ордо жаңы конушунун, ***** көчөсүнүн №*****-үйүнүн тургуну, иш боюнча үй-камагында, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 330-беренесинин 1-бөлүгү менен айыпталат. Далилдерди изилдеп чыгып, сот төмөндөгүдөй

**ТАПТЫ:**

Сотко чейинки өндүрүштү жүзөөгө ашыруучу органдар тарабынан, М. Б. М., конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмышы төмөндөгүдөй жагдайда жасаган деп айыпталат.

Тактап айтканда, ал, 2025-жылдын 27-ноябрь күнү, болжол менен саат 16:00дө, өзүнүн “Redmi Note 12 Pro” үлгүсүндөгү уюлдук телефону аркылуу, Бишкек шаарынын Байтик Баатыр проспектисинин 1Е дарегинде курулуп жаткан көп кабаттуу үйдүн жанына барып, аталган курулуш объектисин видеого тартып, Кытай Республикасынын жарандары тарабынан, аталган курулуш иштери сапатсыз аткарылып жаткандыгы тууралу терс баа берүү менен, коментарий берген.

Ошол эле күнү, болжол менен саат 16:30 чамасында, М. Б. М., аталган видеотасманы өзүнүн “Инстаграмм” социалдык тармагындагы “mamyrbaiv” аталышындагы баракчасына жүктөгөн. Видеотасмага карата берилген коментарийлерде, Кытай Республикасынын жарандары тарабынан жүргүзүлгөн курулуш иштери, сапатсыз аткарылып жаткандыгы тууралу ачык, терс баа берилип, аталган улуттун өкүлдөрүнө карата терс мамиле түзүүгө багытталган.

Айыпталуучу М. Б. М. жогоруда көрсөтүлгөн кыймыл аракети, тергөө органдары тарабынан, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 330-беренесинин 1-бөлүгү менен жиктелип, иш маңызы менен каралууга сотко берилген.

Соттук отурумда, айыпталуучу М. Б. М., ага угузулган айып боюнча күнөөсүн мойнуна толугу менен алып, төмөндөгүдөй көрсөттү. 2025-жылдын 27-ноябрь күнү, болжол менен саат 16:00 чамасында, Бишкек шаарынын Байтик Баатыр көчөсүндө курулуп жаткан көп кабаттуу үйдүн жанынан өтүп бара жатып, өзү көп жылдан бери курулуш иштери менен алектенгендиктен, жанындагы “Redmi Note 12 Pro” үлгүсүндөгү уюлдук телефонуна, курулуп жаткан үйдүн айрым жерлерине жана Кытайлык куруучуларга сын пикир менен видео тасма тартып, өзүнүн “Инстаграмм” социалдык тармагындагы “mamyrbaiv” аталышындагы баракчасына жүктөп койгон. Бирок, видеого карата жазылган коментарийлерге жооп жазган эмес. Анын видео тасмасы мынчалык чоң резонанс жаратат деп оюна да келбеген. Бүгүнкү күндө, кылган ишине терең өкүнүп жаткандыгын айтып, соттон ага карата камак менен байланышпаган аза белгилөөнү сурады.

Сот, айыпталуучу Б.М. М. соттук териштирүү убагында берген көрсөтмөсүн угуп, иштин ичиндеги чогултулган материалдарды изилдеп, аларга ар-тараптуу, бирдикте баа берип, айыпталуучу Б.М. М. угузулган айып боюнча күнөөсү толугу менен далилденди деп эсептейт.

Айыпталуучу Б.М. М. угузулган айып боюнча күнөөсү, анын өзүнүн соттук отурумда өкүнүп берген көрсөтмөлөрүнөн тышкары, соттук отурумда изилденген иштин материалдары менен да толук тастыкталат.

Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын УКМКнын 5-Башкы башкармалыгынын башчысы А.А. Т. рапорту (т.1 и.б. 9); скриншот-сүрөт (т.1 и.б. 51-52);

2025-жылдын 02-декабрь күнкү, Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигине караштуу соттук-эксперттик кызматынын №006459 сандуу корутундусуна ылайык, изилдөөгө берилген видеожазуудагы тексттердин мазмунунда, массалык аң-сезимге терс таасирин тийгизген, улуттар аралык карама-каршылыкты, араздашууну, кастыкты козуткан лингвистикалык белгилер камтылган. Автор тарабынан: “Мынакей кытайлар үйдү кыйын салат дейсиңер, карачы...” – деген сүйлөм, видеокайылуунун башында жана аягында кайталануу менен кайрылуунун максаттуулугун далилдеп турат. Изилдөөнүн берилген материалдардын максаттуулугу, видеокайрылуу катары атайын даярдалып, багытталып жарыялангандыгы жана публикалык мүнөзгө ээ экендиги көрсөтүлгөн (т.1 и.б.46-50).

Көрсөтүлгөн далилдерге күмөн кылууга негиздер жок, анткени алар мыйзамдын талабына ылайык чогултулган жана иш боюнча чечим чыгарууга негиз жетиштүү деп сот эсептейт.

Аталган жагдайда сот, айыпталуучу М. Б. М. кыймыл аракетин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 330-беренесинин 1-бөлүгү менен квалификациялайт. Квалификациялык белгилери болуп: расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же кемчиликтерин пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармактарынын жардамы менен жасалуусу саналат.

Айыпталуучу Б.М. М. жазанын түрүн жана анын өлчөмүн белгилөөдө, сот анын өздүгүн, жасалган кылмыштын мүнөзүн жана анын коомдук коркунучтуулук деңгээлин эске алат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун “Жаза дайындоо боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” 2021-жылдын 26-февраль күнкү, №4-токтомунун 1-бөлүгүнө ылайык, адамды жазалоонун максаттары болуп күнөөлүүнү түзөтүү жана ресоциалдаштыруу, жаңы кылмыштарды же жоруктарды жасоонун алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү

саналат. Жаза, күнөөлүү аракеттер үчүн гана дайындалышы керек жана мыйзамдуу, адилеттүү жана жекече болууга тийиш деп көрсөтүлгөн.
Сот, айыпталуучу Б.М. М. жазасын женилдетүүчү жагдай катары, ал мурда сот жоопкерчилигине тартылбагандыгын, угузулган айып боюнча күнөөсүн мойнуна толугу менен алып, өкүнгөндүгүн тааныйт. Ал эми, айыпталуучу Б.М. М. жазасын оордотуучу жагдайлар, соттук отурумда аныкталган жок.
Аталган жагдайда сот, айыпталуучу М. Б. М. жазасын жеңилдетүүчү жагдайларынын жыйындысын эске алуу менен, ага карата көрсөтүлгөн беренелердин санкциясынын чегинде, айып пул түрүндөгү жаза чектөөгө мүмкүн деп эсептейт.
Жогорудагылардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 344-349, 351-354, 357-358-беренелерин жетекчиликке алып,
**ӨКҮМ КЫЛАТ:**
М. Б. М., Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 330-беренесинин 1-бөлүгү мененкүнөөлүү деп табылып, ага эсептик көрсөткүчтүн 1500 (бир миң беш жүз) өлчөмүндөгү, башкача айтканда, 150000 (жүз ээлү миң) сом айып салынсын. Айып мамлекеттин пайдасына өндүрүлсүн.
М. Б. М. карата колдонулган, үй-камагына алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин өзгөртүүсүз калтырылып, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин жокко чыгарылсын.
Өкүмгө нааразы тараптар, өкүм чыгарылган күндөн тартып 30 сутканын ичинде, Ош областтык сотуна апелляциялык тартипте сунуш же арыз келтирүүгө укуктуу.
**Төрагалык кылган: С.К.Жумадылов**

суд Кыргызской Республики